# Осмон Айбашов атындагы орто мектебинин "Ишеним почтасынан" жобосу.

1.1 Окуучулар укугун коргоо, псикалык педагогикалык колдоо көрсөтүү максатында, "Балдардын укугун коргоо конвенциясынын " негизинде мектепте "Ишеним почтасы " уюшулган.
1.2 "Ишеним почтасы " окуучулардын сабак убагындагы жана мектептен сырткаркы убактагы коопсуздугун камсыздайт . Бул окуучуларды кызыктырган суроолорго ишенимдик түрдө жооп алууга шарт түзүп берүүчү иш – аракеттердин топтому.

## "Ишеним почтасынын" максаттары

2.1. Окуучулардын билдирүүлөрүн, каалоо – тилектерин, өтүнүчтөрүн, сунуштарын анонимдүү кабыл алуу жана анализ жүргүзүү.

2.2. Тигил же бул себептерден улам ачыкка чыкпай турган маалыматтарды изилдеп , колдоо көрсөтүү.

2.3. Окуучулардын мектеп администрациясы, мугалимдер ортосундагы тоскоолдуктарга бөгөт коюу менен окуучуларга психикалык – педагогикалык жардам көрсөтүү.

## Материалдык техникалык камсыздоо

"Ишеним почтасы " максаттуу , эффективдүү иш алып рбаруусу үчүн төмөндөгү шарттар аткарылат.

3.1 Материалдык – техникалык каражаттар.
- Каттар үчүн кутуча
- Маалыматтарды көрсөтүүчү такта

3.2 - "Ишеним почтасы" 1- этажда орнотулган

## "Ишеним почтасынын" иштөө эрежелери.

4.1 Окуучулар кайрылууларды кутучага салышат (классын, фамилия, атын жазуунун кажети жок) анонимдүүлүк сакталат, окуучу маалымат так болушу үчүн.

4.2 Кайрылууну жазган күнүн, айын жазуусу керек.

4.3. БӨҮ уюмунун жетекчиси, соцпедагог жана мектеп парламентинин мүчөлөрү менен бирдикте, белгиленген убакта ( бир айда бир жолу) кутучаны ачып, каттар менен таанышып, анализдеп, жоопторду даярдашат.

4.4. Окуучуларга жалпы маалымат алуусу үчүн жооптор залдагы стендге жайгаштырылат.